№1 тиркеме

**Кесиптик лицейлерге онлайн кабыл алуу боюнча нускама**


**Абитуриенттер үчүн маанилүү маалымат**

- Абитуриенттердин тизмеси билим берүү мекемесине "2020" маалыматтык системасы аркылуу катталган убактысына жараша түзүлөт.
- Билим берүү мекемесине катталгандан кийин, абитуриент **10 иш күндүн ичинде документтердин түп нускасын тандаган окуу жайга тапшырууга милдеттүү.** Бул аракет абитуриенттин окуй тургандыгын тастыктайт.
- **Эгерде катталган абитуриент 10 иш күндүн ичинде документтерин бербесе, анын орду бошотулуп, резервдик тизмедеги кийинки талапкерге өткөрүлөт.**
  Бул учурда резервдеги талапкерге* электрондук почта аркылуу билдирүү жөнөтүлүп, анын жеке кабинетиндеги статусу «Резервде» дегенден «Тастыкталуусун күтүп жатат» дегенге өзгөрөт. Ал билдирүү алган күндөн тарта **10 иш күндүн ичинде документтерин алып барып тапшырууга милдеттүү.**
  Эгерде резервдеги талапкер белгиленген мөөнөттө документтерин бербесе, анын орду да кийинки абитуриентке өткөрүлөт.
- Бардык абитуриенттерге «2020» системасындагы иргелген тизмени үзгүлтүксүз текшерип туруу сунушталат. Катталуу учурунда электрондук почта туура эмес жазылган учурда билдирүүлөр жөнөтүлбөй калат.
- **Жалпы негизги билими (9-классты бүткөндүгү жөнүндө күбөлүгү) гана бар, жашы 20дан 36га чейинки жарандар 2 жылдык же 10 айлык окуу программасын тандап окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.**

☞ *Төмөндө каттоо жана андан аркы кадамдар боюнча кеңири көрсөтмөлөр берилет.*


* **Резервдеги талапкер** — системага катталган, бирок учурда кабыл алуу планынын чегинде орун ала элек абитуриент.


**Кесиптик лицейге кабыл алуу үчүн абитуриент** «Абитуриент Online» маалыматтык системасына https://2020.edu.gov.kg/ дареги аркылуу катталып, андан кийин окуу жай менен кесипти тандашы керек.





## Катталуу процесси

«Катталуу» баскычын басып, төмөнкү талааларды толтуруу зарыл: фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган күнү, ПИН, паспорттук маалыматтар, аяктаган классы, иштеген телефон номери, сүрөт жүктөө, логин жана сырсөз ойлоп табуу.







📌 **Эскертүү:** «ПИН» жана «Сырсөз» тилкелерине киргизилген маалыматтар жеке кабинетиңизге кирүү үчүн колдонулат. Бул маалыматтарды коопсуз жерге сактаңыз. Жарактуу электрондук почта дарегин киргизиңиз!




## Жеке маалыматтарды толтуруу жана документтерди жүктөө

Каттоодон өткөндөн кийин сизге жеке кабинет түзүлөт. Жеке кабинетке логин жана сырсөз аркылуу кирүүгө болот. Жеке кабинетте жеке маалыматтарды көрсөтүп, билим жөнүндө документтерди жана паспортту (же туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн) тиркөө керек. Ошондой эле жатаканага муктаждык бар же жок экенин белгилөө зарыл.





Эгерде сиз жеңилдик берилүүчү жарандардын категориясына кирсеңиз, анда бул тууралуу белгилеп, окууга кабыл алуу учурунда жеңилдик же өзгөчө шарттарга укугуңузду тастыктаган документти тиркешиңиз керек. Жеңилдик категориясына төмөнкү жарандар кирет:


- ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар;
- томолой жетимдер;
- балдар үйлөрүнүн тарбияланууучулары;
- ата-энесинин камкордугусуз калган балдар;
- Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө милдеттүү аскердик кызмат өтөп бүткөн же запаска чыгарылган жарандар;
- кайрылман (этникалык кыргыздар) макамындагы жарандар.




Талап кылынган документтер жүктөлгөндөн кийин, талапкер «Тандоо» баскычын басуу менен кесиптик лицейди тандашы керек. Ачылган терезеде регионду, окуу жайды, окуу формасын, кесипти жана төлөө формасын (бюджеттик же контракттык) көрсөтүп, андан соң «Катталуу» баскычын басуу зарыл.

📌 **Эскертүү:** Бул бетте төлөө формасын тандагандан кийин бош орундардын саны көрсөтүлөт.






Катталгандан кийин талапкердин жеке кабинетинде кабыл алуу статусу көрсөтүлөт. Мүмкүн болгон статустар төмөнкүдөй:

- **«Тастыкталууну күтүп жатат»** — талапкер конкурстан өткөн (кабыл алуу планы боюнча орунга кирет), бирок документтердин түп нускасын азырынча тапшыра элек;
- **«Резервде»** — талапкер азырынча кабыл алуу планы боюнча орунга кирелек жана орун бошогонун күтүп жатат;
- **«Өттү»** — талапкер документтердин түп нускасын тапшырган жана окуу жай тарабынан кабыл алуу тастыкталган;
- **«Мөөнөтү өттү»** — талапкер каттоодон өткөн күндөн же маалымдоо алынган күндөн тартып 10 иш күндүн ичинде документтердин түп нускасын тапшырган эмес.

**Окуу жайга тапшырылуучу документтердин тизмеси:**

- Билим жөнүндө документинин түп нускасы;
- Медициналык маалымкат (086/у формасы);
- Жашаган жеринен маалымкат;
- Үй-бүлөнүн курамы жөнүндө маалымкат;
- Паспорттун же туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү (паспорт жок болсо);
- Аскердик билеттин же аскердик каттоодо тургандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү (эркек балдарга);
- 3×4 өлчөмүндөгү 4 даана сүрөт (баш кийимсиз);
- Ишкана тарабынан берилген жолдомо (жумуш берүүчү тарабынан окутууга жиберилгендер үчүн);

- Медициналык маалымкат (083/у формасы) — айдоочулук окууга тапшыруучулар үчүн.

📢 **Көңүл буруңуз:**

Тандалган окуу жайга катталгандан кийин, абитуриент 10 иш күндүн ичинде бардык керектүү документтердин түп нускасын окуу жайга тапшырууга милдеттүү. Бул аракет абитуриенттин окууга ниетин тастыктап, анын ордун сактап калууга мүмкүндүк берет.

Эгерде абитуриент каттоодон өткөндөн кийин 10 иш күндүн ичинде документтердин түп нускасын бербесе, анын орду жокко чыгарылып, күтүү тизмесиндеги кийинки талапкерге өткөрүлөт. Мындай учурда резервдеги абитуриентке билдирүү жөнөтүлөт (электрондук почта аркылуу) жана анын жеке кабинетиндеги статусу **«Резервде»** дегенден **«Тастыкталууну күтүп жатат»** дегенге өзгөрөт. Ал билдирүү алган күндөн тартып 10 иш күндүн ичинде документтердин түп нускасын тапшырууга милдеттүү. Эгерде белгиленген мөөнөттө документтер берилбесе, анын орду дагы кийинки абитуриентке берилет.

📌 **Кошумча эскертүүлөр:**

- Абитуриенттердин рейтингдик тизмеси системага катталган убактысынын негизинде түзүлөт;
- Абитуриенттерге «2020» системасынын сайтындагы рейтингдик тизмесин үзгүлтүксүз текшерип туруу сунушталат. Эгерде туура эмес же иштебеген электрондук почта дареги көрсөтүлгөн болсо, билдирүүлөр жетпей калышы мүмкүн;
- Жалпы орто билими бар (9-классты бүткөндүгү жөнүндө күбөлүгү), 20 жаштан 36 жашка чейинки жарандар үчүн 2 жылдык же 10 айлык окуу программасын тандоо мүмкүнчүлүгү берилет.

☑ **Сизге ийгилик каалайбыз!**